Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын протоколунан

# КӨЧҮРМӨ

№ 3-5/2 «15» февраль 2010-ж.

**КАТЫШКАНДАР**: Акматалиев А. А., филос. ил. канд., профессор, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү: Атанаев Т.Б. – биол. ил. канд., доцент, Калдыбаев С.К. – пед.ил.доктору, доцент, Жаныгулов К.И. – пед. ил. канд., Сияев Т.М. – пед.ил.доктору, профессор, Абдылдаев О.Т – физика-матем. ил. канд., доцент, Акматалиева М.А. – НМУнун уюштуруу-маалыматтык кызматынын жетекчиси, Ажыбаев Д. М. – пед. ил. канд., Асанов Ж. – экон. ил. канд, доцент, Дюшекеев К.Д. – т.и.к., доцент, Жакеева Ы.Ж. – пед.ил. канд., доцент, Ибраимов К.И. – филол. ил. канд., доцент, Иманалиев С.С. – филос.ил. канд., Куканов А. – экон.ил.канд., доцент, Молдалиев Э. – техн.ил.канд., доцент, Өмүралиева Д.К. – экон.ил.доктору, доцент, Турдалиев И.К. – хим.ил.канд., доцент, Турдугулов А.Т. – пед.ил.канд., доцент, Чоробаева Н.А. - филол.ил.канд., Шерматов С.М. – вет.ил.канд., доцент, Жангелдиева Б. – Илимий китепкананын директору, Жапаров Н. – профсоюз комитетинин төрагасы, Султаналиев К.Ш. – педагогикалык окуу жайынын директору, Чолпонбаев А.К.- филол.ил.канд., окумуштуу катчы, Чымылдаков Э. – жаштар жана студенттер бирлигинин президенти.

**КҮН ТАРТИБИНДЕ**: 4. НМУнун аспиранттарынын жана изденүүчүлөрүнүн диссертациялык изилдөөлөрүнүн темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү.

**УГУЛДУ:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, философия илимдеринин кандидаты А.А. Акматалиевдин, факультеттердин декандарынын жана кафедра башчыларынын аспиранттар жана изденүүчүлөр тандап алган темалар жөнүндө, ал темалардын актуалдуулугу жөнүндө баяндамалары угулду. Ар бир тема тиешелүү кафедраларда жана факультеттик кеңештерде талкууланып, жактырылган жана бекитүүгө сунуш кылынган.

Факультеттердин жана кафедралардын НМУнун аспиранттарынын жана изденүүчүлөрүнүн диссертациялык изилдөөлөрүнүн темаларын бекитүүгө берилген сунуштарын эске алып, Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Аспирант Турсуналиева Мээримдин диссертациялык ишинин темасы «Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы коомдук-саясий жана аскердик-акимчилик терминдер (кыргыз жана англис тилдеринин материалында)» деген туюнтмада бекитилсин жана анын илимий жетекчиси катары филология илимдеринин доктору, профессор Т.Т. Токоев бекитилсиң. Турсуналиева М. «Чет тилдери» кафедрасына бекитилип берилсин.
2. Аспирант Маштаева Аселдин илимий ишинин темасы «Акындык поэзиянын адабияттаануу илиминде изилдениш эволюциясы» деген аталышта бекитилсин жана анын илимий жетекчиси катары педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А.Т. Турдугулов бекитилсин. Маштаева А. «Тилдик дисциплиналар» кафедрасына бекитилип берилсин.
3. Аспирант Бакманова Айгүлдүн илимий ишинин темасы «Атайын орто билимдүү кесипке даярдоодо «Математика» курсун окутуунун педагогикалык негиздери» деген аталышта бекитилсин жана анын илимий жетекчиси катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Ш. А. Алиев бекитилсин. Бакманова А. «Математика жана маалыматтык технологиялар» кафедрасына бекитилип берилсин.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы** **Акматалиев А.А.**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы** **Чолпонбаев А.К.**

Сканировано с CamScanner